# № 2-Баткен округдук шайлоо комиссиясынын

## Ч Е Ч И М И  №6

**Баткен шаары**

**2024-жылдын 30-апрели**

**Катышты:**
Айтбаев Бахабидин Ташполотович
Жоробаева Сайдагул Манасовна
Жапарова Мээринса Абытовна
Саттарова Гулбара
Гапаров Марат Мамазаитович
Камбаров Акынбек Осконович
Маркаев Манас Аззамович
Оболова Мария Гайыповна
Орозалиев Кенжебай
Эркебаев Осмон Мажитович
Гапарова Дилбархан Бекбутаевна
Жороева Чынар
Маккамбаев Мунарбек
Адилов Анарбек Ташполотович

**Себептуу катышпаганы:**
Омурзаков Тилек

**2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо күнү талапкер М.Г. Ойтемировдун тарапташтары шайлоочуларды авто унаа менен алып келүүсү жөнүндө Баткен районунун прокурору Н.А.Курманакуновдун Баткен областынын прокурорунун орун басары (штабдын башчысы) Ж.А.Жолдошевге 2024-жылдын 28-апрелиндеги чыгыш № 24/131-07-8-4-00493 сандуу маалыматы жөнүндө.**

Каралуучу маселе боюнча Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Айтбаев Бахабидин төмөнкүлөргө токтолуп өттү.

2024-жылдын 28-апрелинде саат 14:57 чамасында Баткен РИИБнин башчысынын орун басары А.Джумабаев телефон аркылуу байланышып, вотсап группаларга "бүгүн 28-апрель шайлоо күнү №8065 шайлоо участкасында" М.Ойтемировдун авто унаасы кишилерди алып келип жатат, авто унаа 03KG091AES, урматтуу шайлоочулар ушуга мыйзам чегинде чара көрүп койсоңуздар деген тасма тарагандыгын билдирген.

Аталган факт 2024-жылдын 28-апрелинде Баткен РИИБ АМС МЭЖне 02-031-2024-000312 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иши башталган.

Натыйжада, бул факт боюнча чогултулган материалда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер М.Ойтемиров жана Мажитовдор тарабынан жарандардын добуштарын сатып алууга багытталган максаттуу аракеттер жасабагандыгы аныкталган, анткени А.Мажитов М.Ойтемировду шайлап бер деген ой менен кошунасы Г.Бегматовду алып барбагандыгы, аны жөн гана бир тарапка баргандыктан унаасына салып алгандыгы аныкталган.

Андыктан, бөлүмдүн МЭЖне 02-031-2024-000312 саны менен катталган тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча жосунда кылмыштын курамы болбогондуктан, кылмыш ишин козгоодон баш тартылгандыгын билдирген.

Жогорудагыларды белгилеп Баткен округдук шайлоо комиссиясынын отуруму

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Баткен районунун прокурору Н.А.Курманакуновдун Баткен областынын прокурорунун орун басары (штабдын башчысы) Ж.А.Жолдошевге 2024-жылдын 28-апрелиндеги чыгыш № 24/131-07-8-4-00493 сандуу маалыматы эске алынсын.
2. Текшерүүнүн жыйынтыгында кылмыштын курамы болбогондуктан жана кылмыш ишин козгоодон баш тартылгандыктан арызданууучунун билдирүүсү канааттандырылбасын.
3. Ушул чечимди бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

МАКУЛ - 14, КАРШЫ - __0__, КАЛЫС - __0__,

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ № 7 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Айтбаев**

**Баткен округдук шайлоо комиссиясынын катчысы:** **С.Жоробаева**